

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЭЛ АРТИСТИ

Апаз
# Жайнаков
(1960-2013)

55

# ТАБЕРИК ОБОНДОР
жана
# АКЫРКЫ КОЛ ТАМГА

2-китеп

# *Таберик обондор жана акыркы кол тамга*



*2-китеп*

БАТКЕН ОБЛУСУ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИНв 00909201410021
№ 16903

Бишкек-2015

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Т 12

Т 12 **Таберик обондор жана акыркы кол тамга.** 2-китеп.
Түз. Б. Сабирова. Б.: «Алтын принт», 2015. – 84 б.

ISBN 978-9967-08-536-7

Бул китепте Кыргыз Республикасынын Эл артисти Апаз Жайна-

чагылдырылды. Ар кайсы ырчылар тарабынан аткарылган Апаздын обондуу ырларынын тексттери киргизилди. Ошондой эле интернетте социалдык тармактарда өткөрүлгөн «Апаздын өрүкзары» адабий сынагында алдыңкы орунду ээлеген авторлордун ырлары да ушул китепке камтылды.

Т 4702300200-15 УДК 821.51

ISBN 978-9967-08-536-7 ББК 84Ки 7-5

© «Аппаз Жайнаков» коомдук фонду, 2015



***Барно Сабирова,***
***китептин түзүүчүсү жана редактору***

## «ТАБЕРИК ОБОНДОР ЖАНА АКЫРКЫ КОЛ ТАМГА» 2-китеп


Урматтуу окурмандар. Колуңуздардагы бул китеп, буга чейин жарык көргөн «Таберик обондор жана акыркы кол тамга» деген аталыштагы китептин логикалык уландысы болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Эл артисти Апаз Жайнаков өзүнүн 53 жаш өмүрүндө, анын ичинде дээрлик 30 жылдык чыгармачылык жолунда элге жугумдуу, элдин эсинде калган жана мындан ары да ырдала берчү оболоогон таберик обондорду калтырып кеткени маалым. Анын таберик обондорун толуктап тактоо, элге жеткирүү, изилдөө жана жайылтуу, анын обондорун ар кайсы жанрда аткаруучулардын аракетин бириктирүү мезгил талабы эмеспи.

Колуңуздардагы китептин аталышы да мурдагыдай калып, болгону 2-китеп деп кошумчаланып турат. Буюрса, Апаздын таберик обондорун нотасы менен чыгаруу, анын устаттарынын, шакирттеринин, сахналаштарынын, аны менен иштешкен

акындардын эскерүүлөрүн жыйнап, улам кийинки жыйнактарга киргизип, андан ары бул тизмени улантууну көздөп жатабыз.

Биринчи китепте Апаздын өз оозу менен «бул менин акыркы кол тамгам, элге жарыялап койгулачы» деген сураныччы тууралуу эскерүү жазган болчумун. Элибизде «Аманатка кыянат кылба» деген накыл сөз бар эмеспи. Анын сыңарындай Апаздын элге жарыялап койгула деген акыркы кол тамгасын улам кийинки китепке жарыялап туруууну эп көрдүк. Өзү оорукана-да жатып, өмүрүнүн акыркы күндөрүн жашап жатканын билгендиктен, Апаз элине болгон сүйүүсүн ушул бир сүйлөмгө батырып «Кыргыз элиме жакшылыктарды каалаймын. 27.09.2013» – деп калтырып кетиши да анын элдик кишилигин дагы бир ирет тастыктап турат. Эгер колумдан келсе, Апаздын ушул куш тилиндей акыркы автографын ар дайым, ар кайсы басылмага кайракайра жарыялай бермекмин.



Ал эми колуңуздардагы бул китепте Кыргыз Республикасынын Эл артисти Апаз Жайнаковдун 55 жылдыгына карата өткөрүлгөн эскерүү иш чарасынын жүрүшү чагылдырылды. Ар кайсы аткаруучулар тарабынан аткарылган Апаздын обондуу ырларынын тексттери киргизилди. Ошондой эле бул китепке интернетте социалдык тармактарда өткөрүлгөн «Апаздын өрүкзары» адабий сынагында алдыңкы орунду ээлеген авторлордун ырлары да камтылды.





*Айтпай Надырбеков,*
*КР Эл артисти Апаз Жайнаковдун*
*55 жылдыгын уюштуруу боюнча*
*республикалык комитеттин төрагасы*

## АЛГАЧКЫ СААМАЛЫК ИЙГИЛИКТҮҮ БОЛДУ, АЛДЫДА АРБЫН ИШТЕР БАР

Кыргыз Республикасынын Эл артисти Апаз Жайнаковдун 55 жылдыгы Баткен облусунда өткөрүлүп жаткан учурда Апаздын Бишкектеги достору анын маарекесин республикалык деңгээлге чыгарып, борбор шаарыбызда өткөрсөк деп ойлоно баштадык. Чындыгында, уюштуралы, жардам берели деген демилгелер болгону менен бардык уюштуруу иштерин колго алган адам керек болду. Кеңешип, аксакалдардын сунушун угуп, мен бул комитетти жетектөөгө макул болдум.

Мурда деле Апаз досубуз тирүү кезинде Бишкекте концертин өткөрүүгө колдон келген жардамды берчүбүз. Ал эми бул жолу арабызда Апаз досубуз өзү жок, кабыргабыз кайышып турган. А жашыбыз Айткүл Баткенде. Анан калса элдик кишинин маарекесине жардам беребиз дегендер чыгаар деп астейдил кириштик.

Бул жерде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Улукбек Кочкоров биздин демилгебизди колго алып, уюшулган фондго жардам көрсөтүү боюнча Жогорку Кеңештин төрагасы А.Жээнбековго кайрылып, ал жактан колдоо көрсөтүлгөнү ишибизди илгерилетүүгө түрткү бер-

ди. Арабыздан эрте кеткен досубуз Апаз Жайнаковдун көзү тирүүсүндө Москвага чейин барып дарылануусуна каражат бөлдүрүп чуркаган депутат да ушул Улукбек Кочкоров болгонун айтып өткүм келет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасы А.Жээнбеков материалдык колдоо көрсөтүп, анан калса иш чарага Төраганын орунбасары Б.Мамырова башында турган жоон топ депутаттардын катышуусу иш чаранын беделин арттырып турду.

Бишкектеги иш чараны өткөрүүгө Кыргыз Республикасынын Баткен облусундагы ыйгарымдуу өкүлү Ж. Разаковдун да эмгеги баа жеткис. Анткени облуста иш чара өткөрүп, анын жеңүүчүлөрүн Бишкекке алып келүүдө, жаңы уюшулган фондго каржылык колдоо көрсөтүүдө да Жеңиш Парпиевичтин эмгегин айтып кетпесек болбойт.

Улуттук филармонияда өткөн чоң концертти өткөрүүгө Кыргыз Республикасынын Эл артисти Кыргызбай Осмонов, Кыргыз Республикасынын Эл жазуучусу Султан Раев, уюштуруу комитетинин ишине түздөн-түз жардам көрсөткөн Ашым Полотов, Закир Шарапов, Запар Ходжаев, Барнө Сабировалардын эмгегин белгилеп кетким келет.

Апаздын туулган күнү-6-март. Бирок бул күнү Бишкекте массалык иш чара өткөрүүгө мүмкүнчүлүк болбойт. Анткени асылзат айымдардын майрамы белгиленет эмеспи. Ошол себептен уюштуруу комитети жыл сайын 31-мартта Бишкекте Апаз Жайнаковду эскерүү кечесин өткөрүүнү чечтик.

Быйыл Бишкекте 31-мартта өткөрүлгөн иш чарадан кийин эстафетаны дароо улантып, Ош шаарында өткөрүүнү колго алып жаткан уюштуруу тобуна, анын ичинде Абдибали Акимбековго да ыраазычылык билдиребиз.

Бишкекте эскерүү кече-концертин уюштуруу алдында социалдык тармактарда да «Апаздын өрүкзары» деген ыр сынак уюштурулуп, анын жеңүүчүлөрүн сыйлоого демөөрчү болгон Баткендин кулуну, медиа ишмер Мырза Добутов демөөрчүлүк көрсөттү. Социалдык тармакта атайын тайпа ачып, ишти алып барган Сабыр Абдумомунов жана Шайырбек Эркин уулуна да ыраазычылык билдиребиз. Сынакка түшкөн ырларды баалап, калыс болгон чыгармачыл инсандардын, концертке келип, Апаздын обондорун элге тартуулаган ырчы, аткаруучулардын кызматына таазим этебиз.

Чындыгында, «Көп түкүрсө-көл болот» дегендей, көпчүлүктүн аракети менен алгачкы саамалыгыбыз ийгиликтүү өттү. Апаз Жайнаковдун өнөрүн баалап, кол кабыш кылган, материалдык жана моралдык колдоо көрсөткөндөрдүн баарысына уюштуруу комитетинин атынан ырахмат айтамын.

Апаз Жайнаков боюнча өткөрүлүп жаткан иш чаралар элибиз бул обончунун ырларын өтө жактыраарын, анын ырларын билбеген мекендештерибиз жок экенин көрсөттү.

Досубуз Апаз Жайнаковдун маданий мурасын элге жайылтуу, аны эл аралык деңгээлге чыгарууну өзүбүздүн парзыбыз деп ойлойбуз. Апаз Жайнаковдун архивиндеги обондорун да изилдеп, элге жарыялоо, анын чыгармаларын мыкты аткаргандарды сыйлоо сыяктуу бир топ иштер алдыда турат. Апаз Жайнаковдун эстелигин орнотуу, ал Бишкекте жашаган үйгө мемориалдык тактай койдуруу да келечек пландарыбызда бар.

Бул дүйнөдөн эрте кеткен чыгаан инсан, обончу, аткаруучу, окутуучу, жаш обончулардын устаты болгон Апаз Жайнаковдун эмгектерин элге жеткирүү боюнча аткарылчу иштер али алдыда.

*Кыргыз Республикасынын Эл артисти*
*Апаз Жайнаковдун туулган күнүнүн 55 жылдыгына арналган*
*эскерүү кече-концерти 2015-жылдын 31-марты.*

*Токтогул Сатылганов атындагы кыргыз*
*улуттук филармониясынын чоң залы.*

*Кече-концерт Апаз Жайнаков тууралуу тартылган*
*видеотасманы көрсөтүү менен башталды. Төмөндө ошол*
*даректүү тасманын сценарийин тартуулайбыз.*

***Султан Раев,***
*Кыргыз Республикасынын*
*Эл жазуучусу*

## Өрүкзарга кетели... макул болчу?

***(Киносценарий)***

КАДРЛАР: *Баткен, алыстан Алтын-Бешик тоолору асман челип турат. Талаа. Баткен аймагы...*

*Шар аккан суу. Элет. Өрүкзар багы.*

ДИКТОР: – «Адам өмүрү учкан куш» деп байыркы акылмандар айтып келет. Бул сөз да бекеринен аңызга айланып кетпесе керек... Бу дүйнөгө ар бир адам из калтырсам дейт. Анын өмүрү да ошол артында калтырган изи, эмгеги, элине кылган эмгеги менен бааланып калат... Мезгил өтөт, адам элестерде, эскерүүдө жашай берет... Адамдын түбөлүктүүлүгү да ошол ыйык көкүрөктүн түбүндө жашаган түгөнбөс эскерүүлөрүндө... Бу дүйнөгө кимдер гана келип кетпеди, бу жарык дүйнө ким-

дерди гана көрбөдү... Жашоонун мыйзамы ушундай, жашоонун түбөлүк уланып келген табияты ушундай...

Бул дүйнө бекерсиң
Бир күн өтүп кетерсиң.
Опосу жок дүйнөнүн
Түбүнө ким жетерсиң...

Кетериңде дүнүйө,
Толукшуп чыккан айдайсың.
Келериңде дүнүйө,
Жарыгы жок жайдайсың...

Дүйнөнүн түзүмү мына ушул эки сап ырдан тургандай, бул саптарда ааламдын сыры катылып тургандай сезилет... Адам ушул өмүрдүн айлампасында сапарын карытып келет...

Ар бир жердин улуу касиети бар. Баткендин талаасы менен аңызында кыргыздын улуу духу, улуу тоолордой сыр катып, тереңине улуу купуялыкты катып жаткандай туюлат... Атам-замандан ушул касиеттүү чөлкөмдө Манас бабабыз, кол курап, журт курап, кыргыздын касиетин ааламга тааныткан деп келет... мына ушул улуулукта Баткендин касиети жашап келет...

Өрүкзар мекени... бүт дүйнө тааныган бул чекиттей жерден не бир тарыхтын оомал-төкмөл дүйнөсү өттү... Жер касиети өзүнүн тарыхы менен касиет... Баткен кыргызга эчен атагы чыккан уулдарды берди... Баатырды да, колунан көөрү төгүлгөн устаны да, көмөкөйүнөн ыр төгүлгөн ырчыны да... Жер өмүрү – ырда... Бул көөнө руху сөзү... бу аймактын ыр да, жаны да, күнү да, суусу да, асманы да Апаз Жайнаковдун ырында жашап келет...

*Кадрлар: Талаа. Баткен тоолору. Октой сызылып бараткан күлүктөр. Күн. Асман. Элет Штрихтери... Кыргыз жери...*

Ушул эпикалык жерде кыргыздын чыгаан уулу, ыр менен өлбөстүктүн үрөнүн калтырып кеткен Апаз Жайнаков алакандагы алтындай болгон ушу чөлкөмдө төрөлгөн...

СИНХРОН: **Улукмырза Полотов-Кыргыз Республикасынын Эл артисти:**



Бир кезде Чыңгыз Айтматов «Обон» деген повестин жазып, ал кийин «Жамийла» деп аталып, аны менен жазуучу атактуу болуп, дүйнөгө таанылгандай эле Апаз Жайнаков өзүнүн «Кыргыз жери» деген обону менен элге таанылды. Кыргыздын гимнин кабыл алуу учурунда ошол «Кыргыз жери» деген чыгарманы гимн кылалы деген сунуштар да болгон.

**Улукбек Кочкоров – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты:**



Апаз агабыз өзүнүн мекенчилдиги менен айырмаланып турчу, себеби мекенин чындап сүйгөн, мекендин чыныгы атуулу гана ушундай мекенди сүйүүнү даңазалап, ар бир кыргыздын жүрөгүнөн орун алган чыгарманы жаратат деген ойдомун.

*Апаз Жайнаков «Кыргыз жерин» жандуу үн менен ырдаганы көрсөтүлөт.*

ДИКТОР: – Апаз Жайнаков ырларынын ар бир кайрыгын, обонун, музыкасын ушул аймактан алды... Анын обондорунда туулган жердин касиети жашап келет...

*Саламат Садыкованын аткаруусундагы «Кыргыз жери» деген ыр.*

СИНХРОН: **Максат Сабиров – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты:**



Кыргыз Республикасынын Эл артисти Апаз Жайнаковдун 55 жылдык эскертүү кечесин уюштургандарга мен абдан чоң ыраазычылык билдирет элем, Апаздын адамгерчилиги аябай чоң эле. Биз студент куракта институтта чогуу окуп жүргөн кезде эң жакшы бир чыгармаларынын бири «Кыргыз жери» деген өзүнүн чыгармасын ырдап жүрчү эле. Биз анда көп деле көңүл бурган эмеспиз, бирок азыр болсо Кыргызстандын гимнине тете атактуу чыгарма болуп калды.

**Ашым Полотов – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппаратынын кызматкери:**



Апаз ушул дүйнөгө жарк этип келип, жарк этип кайра кетти. Мен Апаздын өмүрүн жарк этип күйүп, жарк этип өчүп калган ширенкенин талындай элестетет элем. Ушул кыска өмүрүндө Апаз кыргыздын Ала-Тоосун, жеринин кооздугун даңазалап ырдап кетти. Апаздын дагы бир белгилей турган жери, бул Баткен жерин, анын өрүкзарын бүт дүйнөгө даңазалап кетти.

Баткендин портретин ыр менен Апаз Жайнаковдой эч ким тартып бере элек. Ал анын өмүрүнүн автопортрети. «Өрүкзарга кетели...» бул ыр кыргыз обонунун классикасына айланды. Не деген кайрыктар, не деген сүйүү, туулган жерди жүрөктүн төлтөсүндө кастарлап, ага болгон не деген таазим симфониясы... «Өрүкзарга кетели...» сүйүүнүн, адамдык духтун бийик символу... туулган жердин ыйык Одасы...

*Апаз Жайнаковдун архивдик сүрөттөрү. Эски кадрлар.*

СИНХРОН: **Керим Турапов – Кыргыз Республикасынын Эл артисти:**



Апаз Жайнаков өмүрүнүн кыскалыгына карабастан, маданият чөйрөсүнө зор эмгеги сиңип, кыргыз искусствосуна өзүнүн жакшы изин калтырып кетти.

**Султан Раев – Кыргыз Республикасынын Эл жазуучусу**:



Апаз Жайнаков – бул ысым, бул инсан ар бир кыргыздын жүрөгүнүн төлтөсүндө сакталган, түбөлүккө калган ысым. Апаз өзүнүн чыгармачылыгы менен, өзүнүн ыры менен, өзүнүн жан дүйнөсү менен, өзүнүн жүрөгү менен, өзүнүн сүйүүсү менен, өзүнүн арманы менен, өзүнүн жашоосу менен биздин эсибизде, жүрөгүбүздө дайыма биз менен болот.

Апаз аз жашады, аз эле обон чыгарды. Бул анын чыгармачылыгынын тек гана саны эмес, бийик сапаты менен өлчөнгөн залкарлыгы. Апаз чыгармачылыкта өзүнө бийик адамдык талапты койду. Ал Алыкулдун ырлары, Айтматовдун чыгармалары, Манас Атасынын духу, туулган жердин касиети менен өмүрүн жуурулушутуруп келди. Анткени, анын ырларында мына ушул бийик духтун кайрыгы жашап келет. Апаз кыргыздын жүрөгүн ырдады, Апаз кыргыздын күрөө тамырын ырдады, Апаз кыргыздын бийик сере сүйүүсүн ырдады... Мындай ырларды жараткан адамдын тагдыры да ыр болуп кетет, обон болуп дабан ашат, муза болуп жүрөк элжиретет... Апаз өзүнүн адамдык жашоосунун эчен дабанын ашпаса да, өнөр дүйнөдө ашкан миңдеген дабандарды элине калтырып кетти... Ал улуу обончу катары рух өмүрүнүн түбөлүктүүлүгүн тандап алды...

«Кыргыз жери»! Бу керемет обон ар бир кыргызмын деп, кыйыр мелжиген кыргыз атуулунун жанурааны. Элдик – Улуу Гимн... Бул Ыр Апаздын бир боор элине тургузган ырдан бүткөн эстелиги! Ал эстелик ар бир адамдын жүрөгүнө тургузулду. Бул ырды көмөкөй менен эмес, көкүрөк менен, жүрөк менен ырдап келебиз...

СИНХРОН: – **«Кыргыз жери»...**

Мезгил өтөт күндөр калат, мезгил өтөт жылдар калат, мезгил өтөт элес калат... Түбөлүк өчпөс Эскерүү калат...

Таңшычы улуу обон, таңшычы кыргыз жаны, таңшычы кыргыз деми, таңшычы Ала Тоо... Сенин ар бир кайрыгында менин да, сенин да, биздин да, кыргыздын да, баарыбыздын рухубуз жашап келет...

Ал духту сен да элиңе калтырып кеттиң Апаз...

Жүр, обонуңду жаңыртып, Өрүкзарга кетели... Ырларың миң канаттуу турна болуп, көк мейкинде сыза берсин, мезгилден мезгилди, доордон доордун сапарын карытып...

Анткени, сен өзүңдү өлбөс кылып жараттың...

Жүр, Өрүкзарга кетели... Макул болчу?...

*(Самара Каримованын аткаруусунда «Өрүкзарга кетели»)*

*Тасманы тарткан режиссер Нуралы Турапов*

Концерт хордун аткаруусундагы **«Кыргыз жери»** деген ыр менен уланды

*Обону Кыргыз Республикасынын*
*Эл артисти Апаз Жайнаковдуку*
*Сөзү Т. Байзаковдуку*

Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде,
Аскасы көк асманга тийген кезде.
Мен дагы жолго чыгам таңды тосо,
Кучактайм ой кырларын нурга кошо
Улуусуң кыргыз жери нурдан бүткөн,
Сулуусуң кыргыз жери ырдан бүткөн.

Ысык-Көл жердин көркү кырлар кашы,
Адырлар көкүрөгү, токой чачы.
Дайралар кан тамыры чоку тажы,
Седеби топчулары ар бир ташы.
Кең түздүү, гүл денелүү кыргыз жери,
Күн жүздүү берекелүү кыргыз жери.

Жылдыздар көк бетинен өчкөн кезде,
Жарык нур жер жамалын өпкөн кезде.
Көл чалкып тоолор койнун ачкан кезде,
Дил жаркып таң күлкүсүн чачкан кезде.
Көркүңө көрк кошулат кыргыз жери,
Сезилет ата-энелик мээримдери.

*Хор аяктаган соң кезек төкмө акындарга берилди*

**Абдибали Акимбеков – төкмө акын.**



Бүгүн кыргыз жеринде,
Хан Манастын элинде.
Канчалаган улуунун
Артынан келген агаңды
Эскербейт деген эмине?
Кадимки өрүкзардын жеринде
Өлкөнүн ширин жеринде,
Ошондо агабыз келген турбайбы,
Айтпайт деген эмине?
Амансыңарбы баарыңар,
Анда акындарың баштады,
Алты ооз сөзүн кабыл ал,
Эсенсиңерби баарыңар
Эгемен элдин балдары
Кашыңда турат калкыбыз,
Агабыздын атынан
Анда жалпы журтум аманбы?
Шакирттери, балдары,

Устаттарың артынан.
Обондорун салганы,
Мына өнөрпоздун атынан
Анда калың журтум бул турган,
Кана эмесе туугандар,
Алакан чап да, саламымды кабыл ал.
Апаздай болгон агаңдын,
Өнөрү өлкө жеринде.
«Кыргыз жерин» сайраса,
Быягы Кадамжай менен Баткендин,
Кадимки Оштун чегинде.
Жалал-Абад дубандын
Болбосо бул жагы Талас төрүндө.

Теңир Тоонун белинде,
Көйкөлгөн Көлдүн жээгинде,
Сары-Өзөн Чүйдүн четинде
Болбосо бүгүндөй, ошол калкыбыз,
Ар бир айткан ырлары,
Ала-Тоо элдин эсинде.
Сабалап кетти кайрыгы,
Эчендер өткөн чынында,
Көрсө агамда экен байлыгы.
Болгону эртерээк кетти арадан,
Көрбөйсүңбү шум ажал,
Бул адамга берген тардыгы.
Эгерде агам болгондо,
Мына 55ке толмокчу,
Өрүкзарга чакырып чоң тою бирге болмокчу,

«Буракжанды» ырдамак,
Бурулган элди сыйламак.
«Мырзайымды» ырдамак,
Болбосо улуу журтту сыйламак.
Бүгүн жыйылып келди биерде
Карачы устаттары агалар,
Агаңдын ыры бүтүндөй,
Калкыбызга сабалаар.
Мына жанымда турат карачы,
Инилерим эрбейген,
Анда кана эмесе Жылдызбек,
Какшанып ырдай турган буерде
Калкыңа иниме чак келди.
Кана эмесе улуусуң,
Мына иничектен карата.
Анда өнөрүңдү калкыңа
Баштай турган чак келди.
Агаңа арнап ырларды,
Таштай турган чак келди.
Кана эмесе, бул жерде
Колдогула балдарды.
Тилиңди безей турган шарт келди.

**Жылдызбек Төрөканов:**



Филармония бул өзү,
Таланттардын мекени.
Ала-Тоо элге дүң болгон,
Асылдар чыккан кечээги.
Апаздай агабыз дагы,
Ушул жерде туугандар,
Торгойдой тилин безеди.
Эскерүү кечесине келген соң,
Эскерип ырдап кетели,
Ырларын ырдап бүтүндөй,
Ырчынын келди нечени.
Биринчи жети дубан калкына
Баарыбыз жер сүзүп таазим этели,
Агабызды көргөндө,
Чыйралып турган чагыбыз.
Шамал тийген теректей,
Ыргалып турган чагыбыз.
Алгач баштап ырларды,
Чапанды дагы кийинип,
Азыр сыйланып турган чагыңыз.
А Кубат экөөбүз, студент
Чапанга жетпей моминтип
Кыйналып турган чагыбыз
Чапанды кийбесек дагы,
Калкым, макалды кабыл алыңыз.
Мынакей акындар келип жанашып,
Курч кептен кетсе жамашып,

Бүгүн залга келген соң,
Ырларды кетсек жаратып.
Акындар төксө, күн-түндөп,
Кеч кирип да таң атып.
Ал эми ордолуу журтка агабыз,
Мына обонун кеткен жаратып.
Уккулуктуу обонун ,
Угушкан эл-журт каалашып.
Агабыз чыгып Баткенден,
Аллахым тоодой бак берген,
Эл баалап анын эмгегин,
Эл артисти деп ат берген.
Көргөндөр айтып жүрүшөт,
Адам болгон турбайбы,
Агабыз ичине сырты бап келген.
Анан өрүкзары эмеспи
Өзгөчө бакыт алып келген.
Ченеми болот дүйнөнүн,
Чегинен аша басканда.
Тагдырың моюн сундурат,
Жолунан чыга качсаң да.
Апаздай болгон агабыз,
Ааламда деле аз санда.
Бизге жылдыз болуп көрүнчү,
Жарыгын чачып асманда.
Эми артында ордун басуучу,
Балдарын айтып ырдайлы.
Өзгөчө сүйүп жактырып,
Алганын айтып ырдайлы.

Ала-Тоодой орду бар,
Салмагын айтып ырдайлы.
Жаштарга чыйыр жолду узун,
Салганын айтып ырдайлы.

Анткени эскерип чоң талантты,
Бүгүн элибиз келген турбайбы.
Улутубузда мыйзам бар,
Улууну дайым жандайбыз,
Өткөндөн таалим алып биз,
Өлкөгө кызмат арнайбыз.
Өмүрдөгү жолдорду,
Өзүбүз эле тандайбыз.
Баткакты тебелемейин,
Калкым бактыга жете албайбыз.
Ошол баткактарды тебелеп,
Бактыга жеткен агабыз.
Нечен-нечен эң бийик,
Тактыга жеткен агабыз.
Далайларды калтырып,
Астыга кеткен агабыз.
Элине эмгеги сиңген,
Аны биз кантип танабыз.
Белгилүү болгон адамды,
Беш мүнөткө ырдасак,
Батыруу кыйын чынында...
...Апаздай болгон агабыз,
Сакталып калат ырында.
Ар бир жазган обонуң,
Айтылып калсын кылымга.

**Кубат Тукешов**



Заңкылдап айтам саламды,
Залдын ичи аманбы?
Бакырып айтам саламды,
Баткендиктер аманбы?
Ой, калкым колду чаппасаң,
Жан дүйнөбүз караңгы.
Айгүл гүлдөй ачылып,
Бүгүн агайын элим куттанды.
Өзгөчө кирип келгенде,
Ах, өрүкзар жыты жыттанды.
Апаздай болгон атамды,
Бүгүн тыңдагандар биерде.
Атабыздын ырларын,
Жаттап ырдагандар биерде.
Кандай кече болот деп,
Жыргагандар биерде.
Эл уулу болот эмеспи,
Эмгегин кылса ким элге.
Кагылайын апалар,
Ушундай уулду төрөгөн,
Ырахмат айтам силерге.
Болбосо карап олтурсам,
Ойлорум менен ой курсам,
Бөксө жерди туугандар,
Бүгүн ырларым менен толтурсам.
Болбосо Апаз атамдын,
Кечеси болот экен деп,

Акындар кетти бужурөп.
Элиме ырдап берем деп,
Буттарым турат титиреп.
Жылдызбек экөөбүз студент,
Ал ырас атайын келди күч үрөп,
Негизи кээ бир өлкөдө,
Асыл адам өлгөндө,
Желегин ылдый түшүрөт.

Өлкө кейип атат деп.
Ой максатын түшүнөм.
Аттиң атабыз жаш кетти деп,
Мен дагы кейип жатамын,
Калайык калкым түшүнгүн.
Желек түшкөн сыңары,
Мен да комузумдун кулагын,
Ылдый көздөй түшүрдүм.
Ошондой менин ырларым.
Кагылайын көпчүлүк,
Айтканымды тыңдагын.
Башында Абдибали атабыз,
Калкыма сонун ыр айтты,
Андан кийин Жылдызбек,
Ар бир ырын шыр айтты.
Ой, атамды эле мактап жатасың,
Бирок Айткүл апамды ким айтты...
...Манасты Манас кылган карачы.
Каныкей болгон турбайбы,

Казаттан келген кезинде,
Дем болуп берген турбайбы.
Кайда гана барбасын,
Бел болуп берген турбайбы.
Дал ошонун сыңары,
Айткүл деген апабыз,
Апаздай болгон атама,
Дем болуп берген турбайбы.
Кагылайын апакем,
Тартпаңыз деймин муң-кайгы.
Ал эми Апаздай болгон атамдын,
Ырларын такыр укпаган,
Андай киши пас окшойт.
Ой, кагылайын көпчүлүк,
Жакшыга жаман кас окшойт.
Эмгеги үчүн атама
Нобелди берсек аз окшойт.
Бир кезде Апаз атабыз
Ала Тоо деп салды эле,
«Кыргыз жери» деген обону
Гимндей болуп калды эле
Агайын кыргыз калкыма,
Ырдалып калкым калды эле...
...Буюрса Апаз атабыз чыкса экен,
Бейиштин өрүкзарына.

Алып баруучулар:

1. Кыргыз Республикасынын Эл артисти Кыргызбай Осмонов
2. Наргиза Осмонова

***1-алып баруучу***

Элүү беш жаш эгип келип атагың,
Эскерүүдөн мен жарыла албай жатамын.
Ырдап турмак юбилейде төгүлүп,
Ээси болуп эли берген батанын.

***2-алып баруучу***

Элүү беш жаш эңшерилтет өзүң жок,
Эргип ташып жайнап турган көзүң жок,
Аз өмүрдү ар-намыстуу өтөгөн,
Айдыңына канааттанып көңүл ток.

Саламатсыздарбы, урматтуу ыр ышкыбоздору.

Кыргыз Республикасынын Эл артисти, мыкты аткаруучу, мыкты обончу Апаз Жайнаковдун 55 жылдыгына арналган эскерүү кече-концертине кош келипсиздер.

***1-алып баруучу Кыргызбай Осмонов:***

Арыбаңыздар, агайын туугандар, саламатсыздарбы. Мына биздин досубуз, замандашыбыз, тууганыбыз КР Эл артисти белгилүү обончу жана аткаруучу, кыргыз элине аттын кашкасындай белгилүү чыгармачыл инсан Апаз Жайнаковду бүгүн эскерип олтурабыз. Эгер Апаз досубуз аман болсо туулган күнү 6-мартта 55 жашка толуп, мааракесин белгилеп олтурмак.

Аттиң дүйнө, өмүрү кыска экен. Бирок артында көптөгөн белгилүү обондорду калтырып, өзүнүн өрүкзарлуу мекенинде

таңшыган өзүнүн ырлары менен атактуу обондорунун бардыгын бүтүндөй кыргыз элине калтырып, артынан татыктуу из калтырды. Кыргыз Республикасынын Эл артисти Апаз Жайнаковдун «Кыргыз жери» сыяктуу атактуу обондору мүлдө кыргыз журтуна калган татыктуу мурас болду.

Ошондуктан Апаз Жайнаковдун чыгармачылыгын сыйлаган, өнөрүн урматтаган туугандары, жакындары, бул сахнада кесиптештери жапатырмак үйүлүп келишип, анын талантына таазим этип эскергени келип олтурушат.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин вице-спикери Б. Мамырова:**



Амансыздарбы, урматтуу агайын туугандар, ыр күйөрмандары, ыр ышкыбоздору. Кыргызда «Өлбөгөн пендеге жаз да келет»деген сөз бар. Мына өрүк гүлдөп, жаз да келди. Биз, тирүүлөр, өзүнүн өрүкзарындай тамырын терең жайган, касиеттүү Баткендин таланттуу кулуну, чыгаан обончу-аткаруучу Кыргыз Республикасынын Эл артисти Апаз Жайнаковду арабыздан жоготуп, анын 55 жылдык эскерүү кечесине келип олтурабыз.

Бүгүнкү кечеге Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жоон топ депутаттары, Апаз Жайнаковдун жердештери Ж. Исаев, У. Кочкоров, А. Абдырахманов жана башка депутаттар катышып олтурушат. Досум деп, чогуу окуп, студенттик күндөрдүн даамын чогуу таттык эле деп депутат Максат Сабиров келип олтурат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасы Асылбек Шарипович Жээнбеков, бүгүнкү иш чаранын болоо-

руп билди, бирок маанилүү жумуштардан колу бошобой калып, мени атайын чакырып алып, буларды айтты: «Барайын дедим эле, Апаз Жайнаковду жакындан таанычуумун, мамилелеш болуп, ырларын угуп, аны терең сыйлачумун. Экөөбүз бири-бирибизге өтө сый-урматта элек, пикирлеш болуп Киевге чейин чогуу бардык эле. Кечеге барып, менин атымдан, КР Жогорку Кеңешининин депутаттарынын атынан барып эскерип келиңиздер» – деп сурады.

Апаз Жайнаковдун 55 жылдыгын сахнада өзү жок өткөрүп калабыз деп ойлогон жок элек. Анын арабыздан эрте кетээрин да билген эмеспиз. Апаздын ырын ырдабаган, анын обонуна ыргибеген, айрыкча «Кыргыз жерин» кыңылдабаган адам кыргыз калкында аз болсо керек. Өзүнүн аз жашаган өмүрүндө саз чыгармаларын жаратып өттү. Апаздын өзгөчөлөнгөн кайталангыс таланты, өзгөчө кайрыктардын, кайталангыс обондорунун жаралышына өзү туулуп өскөн Баткендин өрүкзары, сейрек кездешүүчү Айгүл гүлү Апазды шыктандырган болуш керек. Баткендин кооз, сулуу жерлери чыгармачылыкка түртүп, анын жүрөгүн толкутуп, демине дем берген деп айта алабыз.

«Кыргыз жери» деген ыры Апаз Жайнаковду бүт кыргыз элине тааныптты деп айтып калышат. Мен айтаар элем «Кыргыз жери» деген чыгармасы бүтүндөй кыргыз жерин дүйнөгө тааныптты. Бир жолу чет өлкөдө жүргөндө «Кыргыз жери» деген обондун кайрыктарынын ойнолуп жатканына күбө болуп, абдан толкунданганмын. Музыка, обон улутту, элди тандабайт, баарына түшүнүктүү болот эмеспи. Кыргыз элинин сулуулугун, улуулугун, кайталангыстыгын бүт дүйнөгө тааныткан обонду жараткан Апаз Жайнаковдун чыгармалары элдин эсинде түбөлүккө калат деп ишенем.


**Жеңиш Разаков КР Өкмөтүнүн Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү.**



Биз Баткен облусунда быйылдан тартып Апаз Жайнаков агабызды эскерүү максатында Апаз Жайнаков атындагы фестиваль өткөрүп, аны жыл сайын өткөрүүнү салтка айлантып турууну чечкенбиз. Азыркы күндө көп сунуштар, акыл-насааттар аксакалдар тарабынан элди, жерди, мекенди сүйүү керек деп айтылып калат эмеспи. Жердешибиз Апаз Жайнаков арабыздан жаш кетсе да кантип мекенди сүйүү керек дегенди өз өмүрү, өз чыгармачылыгы менен үлгү катары көрсөтүп кетти.

Себеби анын мекенин, жерин даңктаган ырларын жалаң кыргыз эли эле эмес чет өлкөлөрдө да билет, бул тууралуу азыр эле Бөдөш эжебиз айтып кетти.

Апаз агабыздын 55 жылдыгына арналган иш чараны республикалык деңгээлге алып чыккан уюштуруу тобуна жалпы Баткен облусунун элинин атынан жана жеке өзүмдүн атымдан терең ыраазычылык билдирем.



**«Айгүл тоо айымдары» тобу**



## Аман жар

*Сөзү Т. Үмөталиевдики*

Аман, аман, аман жар,
Арзыганым аман бар.
Кел, кучактап алайын,
Карап турсун адамдар.

Эсен, эсен, эсен жар,
Эңсегеним эсен бар.
Жарым сени көрө албай,
Жүрөгүмдө кесел бар.

Амансыңбы, сүйгөнүм,
Ар күн ойлоп жүргөнүм.
Көрбөсөм да көп айлар,
Көңүлүмдө биргемин.

Эсенсиңби, сүйгөнүм,
Эсен ар күн жүргөнүм.
Түңүлөт деп ойлобо,
Түш көргөндө биргемин.

Аман, аман, аман жар,
Арзыганым аман бар.
Күйгөндөрдүн ырына,
Күлбөгүлө адамдар.

Эсен, эсен, эсен жар,
Эңсегеним эсен бар.
Күлүп, шылдың кылбаңар,
Күйгөн биздей нечен бар.

**Фархидин Баяков – Кыргыз Республикасынын Эл артисти, ОшМУнун профессору:**



Ош мамлекеттик университетиндеКыргыз Республикасынын Эл артисти Апаз Жайнаков өмүрүнүн акыркы жылдары биз менен Ош мамлекеттик университетинин искусство факультетинде эмгектенип, биз аны менен кесиптеш болуп калдык. Ага инидей жакшы мамиледе болдук. Анын адамкерчилигин, талантын, бийиктигин айта берсе сөз көп.

Ош мамлекеттик университети да Апаз Жайнаковго кам көрүп, иштегенге шарт түзүп, квартира бөлдү, жакындан жардам берген. Көзү өткөндөн кийин да үй-бүлөсүнө кам көрүп

келебиз. Эми Апаз жакшы көргөн тарыхый күүлөрдөн 12-кылымдагы «Кет Буканы» ойноп берейин.

**Кыргыз Республикасынын Маданиятына эмгек сиңирген ишмер Бабаравшан Тургунбаев:**



Апаз ооруп жүргөндө мен Лейлектен Ошко, Оштон Лейлекке каттаган сайын Баткенге токтоп, шакиртим Апаз Жайнаковго жолугуп калчумун. Дарыгерлер соңку учурда ага аккордеон көтөрүүгө да тыюу салышкан эле. Бир жолу Апаздын үйүнө кайрылсам, ал мага ушул «Бадам гүлү» деген ырын аткарып берген. Мен анда обону жакшы экен деп кубаттаганым менен ырдын текстине анча маани деле берген эмес экенмин. Обонун Апаз сынатып жаткан соң обонун эле тыңдап, сөзү бадам гүлү тууралуу экен да деп тим болгом. Бадам жаздын жарчысы болуп, эң эрте гүлдөгөн өсүмдүк. Ошондо мен «Бадам гүлүн» Апаздан кийин алгачкы аткаруучусу болуп калаарым оюма да келген эмес.

Апаздын көзү өтүп кеткенден кийин анын обондорун жыйнап, бир сыйра изилдеп олтуруп, «Бадам гүлүнө» кайрылсам, бул бадам гүлү эмес эле, адам гүлү, өмүрдөн эрте кеткен апалар тууралуу ыр экен. Апаз да апасын эстеп, кусаланганынан ушул текстке обон чыгарганын эми түшүнүп олтурам. Бул ыр адамдын эң кымбаты, бул дүйнөдөн эрте кеткен энелердин жаркын элестерине арналат.

Кыргыз Республикасынын Маданиятына эмгек сиңирген ишмер Бабаравшан Тургунбаевдин аткаруусунда

## Бадам гүлү

*Сөзү Таш Мияшевдики*

Жашыл кырда жаздын күнү нур жааган,
Бадам гүлү жоолукка окшойт бир байлам.
Аны көрүп апам түшөт эсиме,
Жүрөк сыздап, көңүл чөгүп сумсаям

Жытын искеп карап турдум жазды мен,
Жаным апам жашоодогу жаз элең.
Эрте ойгонуп бадам гүлүн көрсөтүп,
Сүйүнчүлөп, сүйүнчүлөп жаз менен.

Карагаттай мөлтүрөгөн булактан,
Кырды көздөй жөнөйм бадам гүл ачкан.
Жалгыз таман жолдон издейм изиңди
Жаз келгенде мени ээрчитип бир баскан.

Мирбек Иманбековдун аткаруусунда

## Сагындым жазды

*Сөзү Б. Алыбаевдики*

Сагындым жазды, сагындым талаа гүлдөрүн,
Сагындым тоону, сагындым торгой үндөрүн.
Кадырын жаздын биринчи билдим мен бүгүн,
Кайдасың жазым, кайдасың менин сүйгөнүм.

Кайынды көрүп, кар баскан аппак талаадан,
Арманым күчөп, арылбай койдум санаадан.
Булбулу сайрап, күкүгү таңда таңшыган,
Кайдасың жазым, кайдасың менин садагам.

Сагындым жазды, сагындым жаштык кезимди,
Сагындым мөлтүр, сагындым оттуу сезимди.
Унутпай мени койнуңа катчы, жылытчы,
Кайдасың жазым, кайдасың жашоо жылдызы.

Хабибилла Азиреткуловдун аткаруусунда



## Аясаңчы, козгобой арманымды...

*Сөзү Н. Алымбековдуку*

Ошондойбу, оо, сулуу, ошондойбу?
Ошол үчүн жүрөгүң озондойбу?
Ыгы жоктук кетирсем кечирип кой,
Ыза болуп көңүлүң бошоңдойбу?

Кайырма:

Оор тийсе ошондо, ошондогум,
Ойлой берип мен дагы бошоңдодум.
Кирсиз, таза тилектер кайда калды?
Ким көтөрөт көңүлдүн бозоргонун?

Тамашаңбы, чыныңбы, жалганыңбы?
Жалган айтып мен сени алдадымбы?
Арзуу толгон жүрөгүм бирөө эле,
Аясаңчы, козгобой арманымды...

Кайырма:

Ушундайбы, оо, сулуу, ушундайбы?
Ушул үчүн жүрөгүң тызылдайбы?
Арзуу толгон жүрөгүм бирөө эле,
Аясаңчы, козгобой арманымды...

Кайырма:

Равшанбек Абдуллаевдин аткаруусунда

## Бар болгула, жылдыз маңдай апалар

*Сөзү Кубанычбек Калчакеевдики*

Тилегиңер баскан изиң жакшылык,
Жашайсыңар ак таң болуп азандан.
Силер барда коломтодо от жанып,
Май чачырайт барман пейил казандан.

Э э э й апалар,
бар болгула, жылдыз маңдай апалар.
Куттуу үйдүн кутман ыйык пендеси,
Бубак баскан буурул чачтуу апалар.
Токтобостон тоодой толкун таратып,
Улуу турмуш жашоо деген кемеңер.

Үйгө кирсең жарык болуп жаман үй,
Идиш аяк күлүп ийет каткырып.
Көңүл кири көчөлөрдөн жабышкан,
Качат сыртка карбаластап аптыгып.

Э э эй апалар, бар болгула, жылдыз маңдай апалар.

Апалардай ыйык пенде дүйнөдө,
Аалам безип издесең да табылбас.
Эгер кетсе жарык менен коштошуп,
Ордуң кыйын дүйнө топтоп толукташ.

Э э э й апалар, бар болгула жылдыз маңдай апалар.

*Апаз Жайнаков обон чыгарган «Кыргызымдын сулуу кыздары» деген ыр эки башка аткаруучу тарабынан эки башка вариантта аткарылды. Белгилеп коюучу нерсе, эки варианты тең эң мыкты аткарылып, көрүүчүлөрдүн купулуна толду.*

Бейшеналы Орозбековдун аткаруусунда (аккордеон менен),

Азамат Сарыбаев эстраданын коштоосунда

## Кыргызымдын сулуу кыздары

*Сөзү Маматкасым Акматовдуку.*

Көзүңөрдө жалын бардай алоолоп,
Карегиңер жымыңдашат сыр козгоп.
Дитин буруп сезимине от коюп,
Жигиттерди аласыңар жылоолоп.

Сезимдин кумарлары,
Жергемдин ак куулары.
Каректи тайгылдырган,

Кыргызымдын сулуу кыздары.
Көк асмандын кептериндей эркелеп,
Саамайыңар салкын жерге термелет.
Көчөлөрдө кыт-кыт күлүп бассаңар,
Жигиттердин жан дүйнөсү дүрт этет.

Жаштыктын сыйкырлары,
Жергемдин жылдыздары.
Каректи тайгылдырган,
Кыргызымдын сулуу кыздары.

Кызыл кийип кең талаада жүрүшкөн,
Эмгектенип шаттык доорун сүрүшкөн.
Балбылдаган көздөрүнөн нур тамып,
Шайыр жигит, шат заманды сүйүшкөн.

Акындын жаңы ырлары,
Ала-Тоо жылдыздары.
Ышкыга бой балкыткан,
Кыргызымдын сулуу кыздары.

Жумгалбек Эгенбердиевдин аткаруусунда

## Жаштыкка кайрылуу

*Сөзү Н. Алымбековдуку*

Он сегиз курак бактымбы?
Ошондон жыргал таптымбы?
Ойнотуп, ойнотуп күлүк ат минип,
Жыйырмадан отузду карай чаптымбы?

Өмүрдөн, жашоодон издеп бактымды,
Көңүлдөн, сүйүүдөн аны таптымбы?
Кыйналып издеп бактымды,
Кырк жашты карай чаптымбы?
Он сегиз, жыйырманын ичи жаш эле,
Ыраактап өзүм качтымбы?
Өмүрдөн, жашоодон издеп бактымды,
Көңүлдөн, сүйүүдөн аны таптымбы?
Эчен жыл издеп бактымды,
Элүүгө карай чаптымбы?
Улгаюу деген ойдо жок,
Убакыт неге шаштырды?
Өмүрдөн, жашоодон издеп бактымды,
Көңүлдөн, сүйүүдөн аны таптымбы?

Каныкей Раймалиеванын аткаруусунда

## «Өчпөс сүйүү баяны» (комуз менен)

*Сөзү Д. Становдуку*

Бири акын, бири ай-пери,
Билгенге сүйүү май, көлү.
Тотукуш болсо Алымкан,
Токтогул жандын айкөлү.

Үнүң барда ырдап ал,
Күнүң барда жыргап ал.
Үнүң кайгып күн бүтсө,
Токтогул жандын Айкөлү,

Өмүр кыш, жаз кайрадан,
Өктөм мезгил айдаган.
Орду толбос жаштыкты,
Отуң барда пайдалан.

Үрөйүңдү жашырган,
Үстүн баскан чым калаар,
Чын Алымкан жок небак,
Кыз Алымкан ырда бар.

Түркүк болбос дүйнөдө,
Түркүн өмүр жайнаган.
Чын Токтогул жок небак,
Ыр Токтогул сайраган.

Чыңгыз Балтагуловдун аткаруусунда

## Бир арман

*Сөзү М. Молдалиеваныкы*

Болукшуган жаштыкта убай калды,
Бойго сиңип таралбай кумар калды.
Арзышпаган түнүмдө арман калды,
Ак сүйүүдөн тигилип тумар калды.

Айтылбаган өзгөчө сырлар калды,
Арналбаган өзүңө ырлар калды.
Жалындаган жаштыкты жашка чайып,
Жакындашып баспаган кырлар калды.

Көңүлүмдө басылып сөзүң калды,
Көз алдыга тартылып элес калды.

Жеңилбеске бет албай сезимдериң,
Жетелешип баспаган белес калды.

Рая Нургазиеванын аткаруусунда

## «Бир дүнүйө»

*Сөзү Н. Алымбековдуку*

Көйнөгүң кымча бүрүлгөн,
Көргөндө жүрөк үңүлгөн.
Мас кылып кеттиң кантейин,
Махабат деген дүнүйө

Кийгениң жашыл бүрүлгөн,
Кирпигим сага бурулган.
Азгырып кеттиң кантейин,
Ашыктык деген дүнүйө.

Өзөндүн суусу чарпылма,
Өмүрдүн суусу тартылма.
Күбөсү болчу күндөргө,
Күндөргө бергис алтынга.

Кенже Көбөкованын аткаруусунда

## Сен менен

*Сөзү Н. Алымбековдуку*

Сен менен арманым бир арылбаган,
Сен менен дарманым бир жазылбаган.
Байладың үмүтүмдү канча дагы,
Башыма жүгөн салып тагылбаган.

Сен менен көпүрөм бир салынбаган,
Сен менен очогум бир жагылбаган.
Байладың үмүтүмдү канча дагы,
Башыма жүгөн салып тагынбаган.

Тилим бар сыры катып байкалбаган,
Тилим бар айтарымды айта албаган.
Кур бекер кайрат менен жашап келем,
Кумарым бойго сиңип таркабаган.

Баатыр Рысалиевдин аткаруусунда

## Мен сени бербеймин башкага

*Сөзү М. Молдалиеваныкы*

Мертинип тагдырымдан адашсам да,
Мен сени бербейм жаным, башка жанга.
Бактымды сыйдыра албайм сендик болгон,
Миң ирээт таазим кылып жаратканга.

Ойлоруң менде калып обон созот,
Ооруксуп турса көңүл, обон созот.
Өзүңсүз билбейм кантип жашап жүргөм,
Өзүңдү көрбөй калган күнүм тозок.

Күмүштөй күлкү тагып көңүлүңө,
Чек коюп сүйүүлөрдүн төгүнүнө.
Армандуу жан эсебин азайтамын,
Ашыктык дартын сүйкөп өмүрүңө.

Жалынам сенин гана элесиңе,
Жаныбыз түшөт сезим кемесине.
Сыйкырчы болбой туруп чырмап алган,
Сыйынам жүрөгүңдүн желесине.

«Достор» тобу (Айчүрөк Султанова, Салима Балтаева, Гүлзат Байзакова, Жайнагүл Калчаева, Гүлбүбү Орозкул кызы)

## 1. Жалгыздык бүтпөс армандай

*Сөзү Б. Чотурованыкы*

Санаага салып, асылым, бактым,
Сары оору мончок сагыныч тактың.
Жомокто кайып болгон перимдей,
Жол учун үзүп кай жакка каттың?

Түнү-күн издеп, көзүм талгандай,
Түшкө кирбейсиң көңүл калгандай.
Жабыркап, жаным, азап чегемин,
Жалгыздык мага бүтпөс армандай.

Күтүп жаз-жайга өзүмдү азгырдым,
Күз жалбырагын жазып кат кылдым.
Кучактап мендей тапсаң өпкүн деп,
Кусалыгымды желге тапшырдың.

## 2. Айгүл тоо

Сөзү *Т. Шайдуллаеваныкы*

Жарыгы ай нурунун токтоп өткөн,
Жамалын Чолпон жылдыз жаба төккөн.
Жаз сайын жасанат дейт бактылуу тоо,
Кучактап койнунда айгүл өскөн.

Тагдырын таштак тоого байлап койгон,
Тамырын терең дешет айгүлүнүн.
Ошондуктан бийик өсөт, сулуу өсөт,
Көркүнө тартылалы ай жүзүнүн.

Шаңкайып ай чыкканда ал ачылат,
Нурлары асман-жерге бүт чачырап.
Ай менен гүлдүн ыйык арзуусунан,
Тоо бети кыпкызыл бир гүлгө айланат

«Шоокум»тобунун (Гүлжан Бекбатырова, Толгонай Машарипова, Нурзат Байзакова, Үмүт Бегалиева, Шахзода Нарматова) аткаруусунда

## Ноорузум

*Сөзү А. Урбаевдики*

Жаңыргансыйт Ала-Тоодон добушуң,
Жашаргансыйт байыркы ата конушуң.
Сагындырып неге мынча кеч келдиң?
Салам, сага санжыралуу Ноорузум!

Кел, Ноорузум, арыш керип артынган,
Кереметтей ар бир үйдө айтылган.
Кеч болсо да кезикчү кез бар экен,
Кел, Ноорузум, кучагыма кысайын.

Нурга бөлөп талаа-түздү, тоо учун,
Улам бийик угулууда добушуң.
Сагындырып неге мынча кеч келдиң?
Салам, сага санжыралуу Ноорузум!

Гүлбарчын Мийзамованын аткаруусунда



## Кайберенім

*Сөзү Н. Алымбековдуку*

Айлыңа ашыкпаймын, жай келемин.
Азыр не сага тийет кай керегим,
Адашып, алыс кеттиң карааның жок,
Армандын өзүн жеңген кайбереним.

Сүйүү не, кумар чачып келген кордук,
Аз чыгар көп азабын жеңген курбум.
Карматпас калтар белең бир көрүнгөн
Калыпмын жолу катуу мерген болуп.

Күлгөнүң кайда кетти чеч берекке,
Күн өтпөй пайдасы жок эч керекке.
Бекерге жанды кыйнап жүрсөм дагы
Бергим жок элесиңди эч бөлөккө.

Куйкалап кусалыкка өзөгүмдү
Кумсарттың кумар болгон өзөнүмдү.
Оң санап жеңилдетер дарыгер жок,
Онтотпой берип кеткин кеселинди.

Ким билет ким болбосо ай керегин,
Айлыңа түндү күтпөй, жай келемин.
Жанымды айыбы жок отко түртүп
Айыкпас дартка салдың, кайберегим.

**Социалдык тармакта өткөрүлгөн «Апаздын өрүкзары» сынагынын жеңүүчүлөрүн сыйлоо**

Сынакты уюштуруучулардын бири Сабыр Абдумомунов:



Кыргыз Республикасынын Эл артисти Апаз Жайнаковдун чыгармачылыгын элге кеңири жайылтуу максатында социал-

дык тармактарда «Апаздын өрүкзары» аталыштагы ыр сынагын жарыялаган элек. Бул сынак медиа ишкер, учурда Россия Федерациясында иштеп жүргөн Баткендик жигит Мырза Добутовдун демөөрчүлүгүндө өткөрүлдү.

Эки ай бою жаңыдан калем кармагандардан тартып, калеми такшалып калган калемгерлерге чейин ырларын жарыялашып, Апаз агабыз тууралуу ырларын жаратышты. Сынакка баарысы болуп жыйырмадан ашуун авторлор катышышты.

Келип түшкөн чыгармаларды баалоо үчүн 5 кишиден турган калыстар тобу иштеди. Алар Кыргыз Республикасынын Эл акыны Шайлообек Дүйшөев, Кыргыз Республикасынын Маданиятына эмгек сиңирген ишмер, акын Бактыгүл Чотурова, окумуштуу философ, акын Калбүбү Сариева, окумуштуу социолог, жазуучу Топчугүл Шайдуллаева, акын Зайырбек Ажыматов.

Сынакта сыйлыктарга ээ болгондор: 1-орун Махаббат Молдалиева, 2-орун Айнагүл Базарбаева, Айтмырза Абылкасымов, 3-орун Болотбек Бөкөлөев, Абдибали Мусаев, Шайырбек Досболов жана Чынара Сарбагышова. Кызыктыруучу сыйлыктар Курсан Юсупов, Бүүзара Осмонова, Жанна Мамасадыковаларга ыйгарылды.

Жеңүүчүлөргө тийиштүү даражадагы дипломдор жана акчалай сыйлыктар тапшырылды.

**Кыргыз Республикасынын Эл артисти Апаз Жайнаковдун 55 жылдык иш чарасын уюштуруу тобунун мүчөсү Барно Сабирова:**

Апаз досубуз 2013-жылдын сентябрь айында Бишкектеги атайын оорукананын реанимация бөлүмүнө жатып калды. Анын ушул акыркы жолку дарыланып жатканын угуп, жаны-

нан чыкпай айланчыктап, көңүлүн көтөрүүнүн аргасында болуп жаттык. Анан ага ал тууралуу китеп даярдап жатканымды айтып, автограф жазып берүүсүн суранганымда «Кыргыз элиме жакшылыктарды каалаймын» деп куш тилиндей жазып берген акыркы кол тамгасын мынакей боегу кургай элек, бүгүн эле басмаканадан жарыкка чыккан «Таберик обондор жана акыркы кол тамга» деген китепке киргизип, Апаз досубуздун акыркы аманатын, ушул кол тамганы кайсы бир жерге жарыялап коюуну суранган өтүнүчүн аткарып, анын күйөрмандарынын, жакындарынын алдында жүзүм жарык болуп турам. Мындан ары да досубуз, аяшым Апаздын маданий мурастарын элге жайылтууга колдон келген аракетимди жасайм.

«Үч-Теректин үч кызы» Анапия, Дилбар, Лира Райымбековалардын аткаруусунда

## Булакта

*Сөзү Т. Орокчиевдики*

Булакта булбулдун тили бар,
Булакта кыздардын дили бар.
Ар качан агымы күү черткен,
Апакай булуттай сүйүү бар.

Кайырма:
Өмүргө шериктеш булагым,
Өзүңдө балалык курагым.
Ыр тыңшап жаныңа мен келип,
Мына эми кете албай турамын.

Булакта сагыныч-бугу бар,
Булакта күлкүнүн туну бар.
Булакта жүз чайып суу алган,
Буралган кара көз сулуулар.

Кайырма:

Булакта түгөнгүс кайрык бар,
Булакта шашылбас жайык бар.
Булакта пейили кең жигиттей,
Берешен, орошон марттык бар.

Кайырма:

Алия Жамантаеванын аткаруусунда

## Ырдагым келет

*Сөзү К. Иманалиевдики*

Жолумдан тосо сүйгөнүм келет,
Жоогазын боло гүлдөгүм келет.
Жомокту айтып, ырдагым келет,
Жоогазын терип жыргагым келет.

Көк кашка сууну бойлогум келет,
Көпөлөк кууп ойногум келет.
Көк кушуң болуп сайрагым келет,
Көп жылдыз болуп чачылгым келет.

Жоогазын жытын жыттагым келет,
Жанында болуп уктагым келет.
Жанымды жаным, өзүңө арнап,
Махабат күчүн даңктагым келет.

Айжамал Нишанбаеваеванын аткаруусунда

## Ата-Журт

*Сөзү Алыкул Осмоновдуку*

Жылуу кийин, жолуң кыйын үшүрсүң,
Кыш да катуу… бороон улуп, кар уруп…
Суугуңду өз мойнума алайын,
Жол карайын, токтой турчу, Ата-Журт!

Түндөр жаман… кырсык салып кетпесин,
Наалат келип ат тизгинин шарт буруп…
Азабыңды өз мойнума алайын,
Из карайын, токтой турчу, Ата-Журт!

Жазда башка… Жел тийбесин абайла,
Көпкө турбас, мобул турган сур булут.
Бүт дартыңды өз мойнума алайын,
Сен ооруба, мен ооруюн, Ата-Журт!

Айпери Кулбаеванын аткаруусунда

## Өрүкзарга кетели

*Сөзү Мадина Тураеваныкы*

Жүр ээрчишип кетели өрүкзарга,
Сунушумду суранам, четке какпа.
Сүйүүбүзгө жолугуп айлуу түндө,
Сыйыналы бир келген бактыбызга.

Мөл булакка барабыз ай тоскону
Ат жалында шамалда ойношкону.
Кечикпейли бир келген бактыбыздан,
Өрүкзарга кетели, макул болчу.

Айлуу түндө никелеп сүйүүбүздү,
Өрүкзарга чачалы күлкүбүздү.
Жылдыздардын терели чачыласын,
Булактарга сүйдүрүп жүзүбүздү.

Кечикпейли бир келген бактыбыздан,
Өрүкзарга кетели, макул болчу.

Эскерүү кечесинде андан башка да аткаруучулар өз өнөрлөрүн көрсөтүштү. Концертке катышуучулар баары сахнага чыгып, хор менен «Өрүкзарга кетели» деген чыгарма аткарылды. Белгилей кетүүчү нерсе, концерт чоң аншлаг менен өттү. Залдан Апаз Жайнаковдун тигил же бул чыгармасынын аткарылышын суранган өтүнүч каттар түшүп турду. Обончунун чыгармалары аткаруучулар тарабынан талашка түшкөнү Апаздын обондорунун заманбаптыгын көрсөтүп турду.



***Маркабай Ааматов,***
*акын, Кыргыз Республикасынын*
*Маданиятына эмгек сиңирген ишмер,*
*Кыргызстан Ленин комсомолу*
*сыйлыгынын лауреаты*

## ЫРЛАРЫНДА БАТКЕНИНДИН КУТУ БАР

«Кыргыз жериң» кылым кыйрын кыдыраар,
Шуулдаган шумкар болуп сызып ал.
Ырларыңда кубанчың да, муңуң да,
Ырларыңда Баткениңдин куту бар.

Таптың кайдан жүрөктөрдүн ачкычын,
Авазыңа катып өрүк таттысын.
Ырың менен жан дүйнөңдү жар салып,
Ырчылардын ачтың далай бактысын...
Ыр дүйнөгө ырас келдиң, бап келдиң,
Ыр дүйнөгө жаңы кайрык апкелдиң.
Баткен сенин атак даңкың чыгарса,
Сен чыгардың атак-даңкын Баткендин.
Булак, дайра куралгандай тамчыдан,
Тапка келдиң, талпын алга камчылан.
Өнөрүңө кыргыз элин кубантып,
Өрүкзардын булбулу бол таңшыган.

Апаз Жайнаков «Өрүкзарга кетели»
(Бишкек, 2010-ж.) китебинен



***Калбубү Сариева,***
*акын*

## АПАЗДЫН ЫРЫ

Баткендин жазы гүл бурак.
Кыпкызыл Айгүл гүл чыгат.
Булбул үн Апаз чакырып,
Бүт «Кыргыз жерге» сый сунат.

Ак буурул, жазгы Ак-Татыр.
Апаздын айлы тынч жатыр.
Абазы менен айтылуу
Өрүктүн даамы ыр татыр.

Үлбүрөйт, жайнайт өрүкзар
Үч-Дөбөдө үйүң бар.
Үнүндө айтат Апаздын
Үргүлжү сырын ашыктар.

Агылжын жаздан аңкыган,
Ак пейил Баткен калкынан,
Ааламга айткан саламдай,
Апаздын ыры таңшыган.

Гүл бурак ойноп аңкыган,
Кымбат эл кыргыз калкынан,
Гүлүстөн ырын Апаздын
Саламат ырдайт таңшыган.

## ЖЕРДИ ТИКЕ КӨТӨРДҮҢ

***Апаз Жайнаковго***


Эрдик кылдың эрдик эмей эмине,
Эли-жердин асыл наркын туя алган.
Көргөнгө көрк, кубат берген кут жерди,
Тик көтөрүп обого алып чыга алган.

Жер магдырап сенин жүрөк күүңө,
Бүт кыргыз эл куштар болду үнүңө.
Бүрдөп турсун, гүлдөп турсун өнөрүң,
Окшоп жылда Баткенде өрүк гүлүнө.

Багынбас бол, шамалындай Баткендин,
Бу тирдиктин күндөлүк көйгөйүнө.
Какырындай чыда, ысык суугуна,
Чөп, багындай катаал шартта өнүүгө.

Бүт кыргыздын жүрөгүнө жеткирди
«Кыргыз жери» асылдыгын чыгармаң.
Өзүң сындуу өнөрлүү уулдар көп болсун,
Кыргыз жерин тик көтөрүп туралган.

К. Сариева. «Асмансыз жылдар» –
(Б: Элпек, 1999) китебинен.




## «Апаздын өрүкзары» сынагы

Бул сынакка бардыгы болуп 24 автордун 26 чыгармасы катышты. Сынакка катышкан калемгерлер:

Сагынбек Абдраимов, Айтмырза Абылкасымов, Анарбек Акматбеков, Жанара Асанова, Айнагүл Базарбаева.

Ашым Байматов, Болотбек Бөкөлөев, Шайырбек Досболов, Жанна Мамасадыкова, Гүлнара Матисакова, Тазагүл Маткеримова, Махабат Молдалиева, Гулайым Мукарамова, Абдибали Мусаев,Чынара Назаркулова, Бүүзара Осмонова, Адилет Салимбай уулу, Чынара Сарбагышова, Азамат Токоров, Гүлчехра Уучиева, Дамира Шакирова, Дастанбек Эркинов, Курсан Юсупов.

Сынакка келип түшкөн ырларды курамы 5 кишиден турган калыстар тобу баалап, натыйжада төмөнкү талапкерлер байгелүү орундарга жетишти.

1-орун Махаббат Молдалиева, 2-орун Айнагүл Базарбаева, Айтмырза Абылкасымов, 3-орун Болотбек Бөкөлөев, Абдибали Мусаев, Шайырбек Досболов жана Чынара Сарбагышова. Кызыктыруучу сыйлыктар Курсан Юсупов, Бүүзара Осмонова, Жанна Мамасадыковалар. Бул китептин көлөмүнүн чакандыгын эске алып, жалпы катышуучулардын эмес, байгелүү орунга жеткендердин чыгармаларына орун берилди.



*Махабат Молдалиева*

## Апаз Жайнаковго

Көөдөнүмө салып кеттиң дүрбөлөң,
Сыздап турдум, эч ким укпас үн менен.
Бул жалганда ырды гана аздектеп,
Жан-дүйнөсү ырга гана дүрбөгөн.

Өрүкзарлуу булак калды ээнсиреп,
Жылда жазда, обон созуп келчү,-деп.
Обон калды, ырлар калды, эл калды,
Аалам калды, Сизди алган энчилеп.

Тээ алыстан, үнүң келбейт жаңырып,
Жоктугуңа, эзилүүдө жан улуп.
Карааныңды калайыктан алган күн,
Кайгы берди, көтөрүлүп каңырык.

Өрүкзарга, булут жүзүн чайыбайт,
Күн бүткөнчө, күйгөн жүрөк жан улайт.
Эл эсинде жашаарың чын түбөлүк,
Ыр өстүргөн жүрөк өлбөйт, карыбайт.

Баары калды, калыбынан козголбой,
Баары турат, арманга үн кошкондой.
Аңдып жүргөн ажал анан акыры,
Акыретке, жетеледи кош колдой.

Обон менен, басып келдиң дартыңды,
Ашыра алдың, өнөрдөгү антыңды.
Бул жалганда, ариеттеп өтөөрмүн,
Жан-дүйнөмө илип кеткен камчыңды.

Сүйлөсөң да, обон созуп сүйлөдүң,
Ырга салдың бул өмүрдүн күндөрүн.
Обологон обон жанып кылымга,
Аалам жарды, аваз, мукам үндөрүң.

Баары калды, өрүкзарлуу мекениң,
Төгүп турган, мукам ырдын нечени.
Артында анан, өчпөс өмүр калтырып,
Ажал сенин өнөр алсын эсебиң.

Тууруна конбой калды ылаачын,
Ажал эрте жайып турду кулачын,
Булактагы булбул үнү так катты,
Комузуңду даап кай жан бурасын?

Обон коштоп, өнөр берген шаң менен,
Өлбөстүккө айланды өчпөс жан деген.
Өрүкзарга чайынат дейт булуттар,
Апаз үнүн угуу үчүн, таң менен.

*Махабат Молдалиева*

## Суурул кеттиң, ыр өстүргөн дилимди

Көзүмдөн жаш жамгыр болуп төгүлдү,
Көөдөн жиби туш-тушунан сөгүлдү.
Кетти анан, ааламымды күйгүзүп,
Керемет жан, өрүкзардан бөлүндү.

Бу жалгандан, чын дүйнөгө жетелеп,
Буюккан муң, арманды ким көтөрөт.
Жыл өтсө да, жылас болбой бул күйүт,
Жан-дүйнөмдөн, аза дартың өчө элек.

Алды ажал, алды-артыңдан акмалап,
Арман күүсүн чалып турду чар-тарап.
Ай тутулуп, күндүн бети жабылды,
Аза ырына, ыргалышты бак-дарак.

Акыры ажал, бейитиңе бекитти,
Ала-Тоонун муң- кайгысын эшитти.
Өлбөстүккө сапар алды улуу өнөр,
Өмүрүңө, койсо дагы чекитти.

Өрүкзар да жоктоп, сыздап ыйлады,
Өрөөн ичи, жоктоо ырын ырдады.
Ак чокудан, мөңгү кулап шолоктоп,
Агайын-журт көздүн жашын тыйбады.

Адам кетти, бүт дүйнөсү жаркыган,
Аңтарылып, обон, ырга балкыган.
Өтөлгөлүү эмгек калды элинде,
Өнөр калды, өлбөс болуп артынан.

Кыргыз барда, дайым жашайт атагың,
Өчпөй жанып, жашаарың чын, жашаарың.
Өнөрүңө ыр – эстелик тургузуп,
Өрнөгүңдү, жазып бүтпөй жатамын...

Чаңчалары ачылбаган гүл сыңар,
Чарчап турган арманымдан үн чыгаар.
Бул ааламдын кеңдигине сыя албай,
Буулат дүйнөм, булут баскан күн сыңар.

Элүү беш жаш, эңип келип атагың,
Эзилүүдөн, жарыла албай жатамын.
Ырдап турмак, юбилейде төгүлүп,
Ээси болуп, эли берген батанын.

Элүү беш жаш-эңшерилтет өзүң жок,
Эргип-ташып, жайнап турган көзүң жок.
Аз өмүрдү ар – намыстуу өтөгөн,
Айдыңына, канааттаңып көңүл ток.

Бектин деле, бекем болбойт бактысы,
Кандын деле, тозот тура тактысы.
Опол-тоодой, ордуң турат билинип,
Обон-ырдын кимде калды ачкычы?

Бир кем дүйнө, арман бердиң азайбас,
Булагыңа, жүз чайсам да тазарбас.
Эргип жазган обондордун кайрыгын,
Эми эч ким сиздей кылып жаза албас.

Аттиң дүйнө, жалгандыгың билинди,
Азап ойго, эт-жүрөгүм тилинди.
Суусап калды, эли-журтуң үнүңө,
Сууруп кеттиң, ыр өстүргөн дилимди.



***Айтмырза Абылкасымов***

## Апазга арноо

Угуп калса кайдигер калбас керең,
Угумдуу да, жагымдуу аваз менен.
Өрүкзарлуу Баткенде жарык көрдү,
Өзгөчө үн бир бөбөк Апаз деген!

Ай толгондо ачылган Айгүл гүлү,
Өрүкзарда сайраган булбул үнү.
Аздап... аздап жанына сиңип жатып,
Адам болду жаратчу мукам күүнү.

Унутулуп жокчулук... байлык дагын,
Улап, бүтөп көңүлдүн айрыктарын.
Улуулук да, сулуулук канга кирет,
Уксаң анын укмуштай кайрыктарын.

Обончу көп бул күндө, обон да көп,
Орун алып калган аз көңүлгө төп.
Жайнаковдун ырындай обон кайда,
Жан дүйнөңдү дүрбөткөн ойго бөлөп.

Жаңырыктап тоо-талаа, кокту, жылга.
Жаңыланып, жашарып улам жылда.
Кыргыз кыйрын кыдырып өмүр улайт,
«Кыргыз жери» айланып ураан ырга.

Улуу-кичүү кабылдап жанга жакын,
Укту калбай таңдана аалам атын.
«Кыргыз жери» даңкталды үнү менен,
Кылым ырчы – булбулдай Саламаттын!

Ырларында тууган жер көркү бар да,
Ылайыктуу ырдоого өртү барга.
Ырын угуп олтуруп жеткиң келет,
Ырыскылуу Баткенге, өрүкзарга!

Жаамы журтта алынып алгы сөзгө,
Жаңы гана баралга барган кезде.
Өкүндүрдү өксөттү, аттиң арман,
«Өттү!..» деген шум кабар сайып безге...

Жан кыйылды неликтен үнүн басып?
Жашабады эмнеге жүздөн ашып?
Билинбестен бүттүбү ар бир ырга,
Бир чымчымдан өз жанын кошуп жатып?..

Апаз жаны жанданып обонунда,
Ал жаңырат кыргыздын обосунда.
Дуба кылгын: «Жатканы жаннат болуп,
Дал келсин, – деп – Жараткан Жобосуна»!



***Айнагүл Базарбаева***

## Кааныңа калды ыйлап «Буракжан»

Обондоруң, бийик-бийик оболоп,
Көтөрүлө берер бийик зоболоң...

***

Сахна ажары эле көзү жайнап ов,
Алып баруучу деген кезде: «Жайнаков!»
Аз өмүрү арман болду билгенге,
Кырчын кезде кайран өмүр жайрап, ов!

Жылдыз көзү менен гана карачу,
Жылмайганы жан дүйнөмө тарачу.
Өрүкзардын гүлү кетти күбүлүп,
Жаңы ачылып, жайнап көркү баратып.

Дидарында бир жылуулук бар эле,
Жан дүйнөсү «жарк» дегенде ачылган.
Гүлбагында бир сулуулук бар эле,
Ал өзүнчө көктөп турган бак эле...

Коңур добуш жан дилимде жаңырып,
Обон созуп турат, турат дагы эле.
Ойлогондо түтөп кетет каңырык,
Жок дегенин ойлогондо «жаны не?»

Аппак тиши жылмайганда кашкайган,
Башкаларга жарашчу эмес, нак эле.
Жайнаковдой ырдачу эмес башка жан,
Ажарланган дүйнөсү аруу-ак эле.

Ширин дилдүү ширесине келгенде,
Апаз акем өрүгү эле Баткендин,
Эчен кыздар авазыңа арбалып,
Жаздыгына жашын төгүп, «Эх!» деди.

Тартынчаак, бой көтөрбөй жүргөнү,
Жибек сымал жылмайганы, күлгөнү.
Кыпкызыл бир өрүкзарга окшочу,
Бариктерин төгүп турган күздөгү.


Мырза мүнөз жигиттиги бар эле,
Сөгүнгөндө сөгүнүп да калчу эле,
«Акташ керек Эл артисти атымды!-» – деп,
Милдетти ал өзүнө алчу эле.

Кыйын талант кыргызымдан «кетти» эми,
Ырлары өлбөйт, обон бизге эстелик.
Кайран өмүр узагынан берсе не ...?!
Каап, – деп алам, обончуну эскерип...

Апаз аке таштап кеткен өрүкзар,
Турат билем, обончуга болуп зар.
«Кыргыз жерин» кымбаттыгын билишет,
Кыргыз атпай, кыраан эли – тоолуктар.

Жоктоп турат боз-адырлар, тоолору,
Обон калды созолонбой ойдогу.
«Кыргыз жери», калды ыйлап «Буракжан»,
Карааныңды карай-карай ыраактан....

Баткендеби, ашууда – Долондобу,
Өзөн-Сайда тоолордо же жолдобу,
Обон созуп ырдала берет эми,
Жайнаковдун эч «өлбөс» обондору!





***Болотбек Бөкөлөев***

## Бейишти да ырга бөлө, тартынба

Улуусу да, ызаттуусу Жайнактын,
Гимнге тете ыр түрмөгүн жайнаттың.
Эми-эми келгениңде баралга,
Ажал деген боз кемени айдаттың.

Сен барганга биз да бир күн барарбыз,
Алыс болбой жакын болуп арабыз.
Сенин эрте кеткениң зор жоготуу,
Эч айыкпас жүрөктөгү жарабыз.

Өрүкзарың гүлдөй берет жаз сайын,
Өзүң жоксуң, ич ачышат ансайын.
Жер менен эл түбөлүккө киндиктеш,
Бүчүр жарды сен жөлөнгөн ак кайың.

Кыргыз жери жагалданып тур мына,
Баткен, Талас, Ысык-Көл, Ош, Бурана.
Жаштык-жалын азилдешип сөз таштап,
Кылакташып кыздар басат бурала.

Тирүүлүктүн салтанаты артында,
Ырың калды арчадай көк, асыл баа.
Бул жалганда сенин ырың-күн нуру,
Бейишти да ырга бөлө, тартынба.

***Шайырбек Досболов***

## Өрүктөгү ширедей ырың калды

Өрүктөгү ширедей ырың калды,
Өлбөс болуп өлкөдө сырың калды.
Өзүң жашап өмүрдө жарым кылым,
Өнөрүң өлбөс кылды кылымдарды.

Жеримдин жели айдап чыккан бир ат,
Жер жүзүн тамшандырып суктандырат.
«Жүр ээрчитип кетейин» деген обон,
Жумурай журттун баарын шыктандырат.

Турмушуңдан байкалат бий, издерде,
Таманыңды тарыхка тийгизгенде.
Авазыңа чокусун ийип турду,
«Ала-Тоого ак калпак» кийгизгенде.

*Абдибали Мусаев*

## Катар учат ырларың карлыгачтай

Таң чолпондой сен бизге жылдыз элен,
Кылымдарга унутпайт кыргыз элиң.
Урпактарың туу тутуп ырдап келет,
Кайталангыс обонуң «Кыргыз жериң».

Сары ооруудай өңүмдөн азып келем,
Сан жолдордон аярлап басып келем.
«Сагынганда жазымды» ырдап мен да,
Сагынычтан кусамды жазып келем.

Кайкып учкан канатың кайрылдыбы?
Кадыр күткөн өз элин кайгырдыбы.
Өпкөм толкуп,өзөктү өрттөп турат,
Өрүкзарын өзүңдөн айрылдыбы?

Аппак таңдай ай толгон заман келет,
Апаз деген атыңдан кабар берет.
Катар учат ырларың карлыгачтай,
Канаат алып канчалар карай берет.



***Чынара Сарбагышова***

## Калды үнүң калкыңда

Мукам кайрык, «Кыргыз жерин» жаратып,
Ал обону, калың элге жарашып.
Төгүлөөрдө бүт ааламга ыр болуп,
Эрте кеттиң, аттиң жүрөк канатып.

Ырдаганы сүйүү, кыргыз «жыттанган»
Авазыңа элиң дайым суктанган.
Таланттарга узак өмүр бербеген,
Таш боор экен, чынында эле бул жалган.

Элесиңди элиң турат аздектеп,
Эсил талант чыккан эле Баткенден.
Арачалап калалбадык кантели,
Ажал деген көзү тойбос «ач көздөн».

Сүйүү толгон, «Өрүкзарды» жаратып,
Бул обонго, болгон элиң баары ашык.
Жаңыраарда дагы далай музалар,
Жарык күндөн, кеттиң эрте адашып.

Бирок талант, өчпөс изин калтырган,
Мукам үнүн, миң кубулуп шаңшыган.
Сен кетсең да, кайрылбаган сапарга,
Ырың жашайт, үнүң кетпейт калкыңдан!!!



*Жанна Мамасадыкова*

## Ырдын пири кадимки «Кыргыз жери»

Жаралып өрүк зарда улуу талант,
Жайнаков деген ысым элге тарап.
Жашы дагы карысы жаттап ырдап,
«Өрүкзарга»барганбыз атаганат.

Сыймыктанып ал менен Баткен эли,
Созолонсо жай согуп салкын жели.
Сүйүүм артып мекенге шыктандырды,
Ырдын пири кадимки «Кыргыз жери».

Обонунда жан бардай, ыргактары,
Обододу ак сүйүү кайрыктары.
Өтсө дагы кылымдар унутулбас,
Ошондогу «Кыргызымдын сулуулары».

Жаш жүрөгүм улгайды ырын ырдап,
Жайнаковду көрүүнү күндө самап.
«Айгүлүмдүн» музасын кошо ырдап,
Ал учурда уччуумун канат байлап.

Аттиң көпкө жашабай биздин талант.
Азыр дагы эстөөдөн жүрөк канап.
Анткен менен унутпайт кыргыз эли,
Обондору жашай берет кылым санап..!

*Бүүзара Осмонова*

## Өрүкзардын айтып бүткүс нотасы

Сарсат тоосу кар кетпеген чокусу,
Сан кылымды даңазалап жаткансыйт.
Самаркандек, Ак-Татырды ыр кылып,
Апаз менен дастан кылып айткансыйт.

Ыр дүйнөнү жүрөгүнө жашырып,
Алып кеттиң муңдуу кылып музаны.
Сени эстеп кыргыз эли кайгырат,
Кыргызымдын шаңдуу уулу, кырааны.

Аттиң дүйнө... Неге мынча калпыссың?
Адамзаттын жүрөктөрүн жаралап.
Дагы канча сүйүү ыры ырдалып,
Дагы канча ыр дүйнөсү жаралмак.

Зор таланттын кадырын не билбейбиз,
Көзү барда эч назарга илбейбиз.
Көзү өткөндө «аттиң... жакшы эле» деп
Өкүнөбүз, үшкүрүнүп и-ий дейбиз.

Жакшы адамдын аз болобу өмүрү,
Кары-жашка бирдей эле көңүлү.
Апаз деген аты калды даңкталып,
Ырларында жашайт анын өмүрү.

«Кыргыз жери» ырдалганда дайыма,
Арча жыттуу тоолор башын ийгендей.
Айдын нуру түн бир оокум болгондо,
Айгүл-Ташка Айгүл гүлүн чийгендей.

Аттиң, мына... Дале ырдап жүргөнсүйт,
«Ак гүлүнү» кармап алып колуна.
Өрүкзардын айтып бүткүс нотасын,
Кеттиби дейм бүт сиңирип боюна.



*Курсан Юсупов*

## Булбулу бизди таштап өрүкзардын

Жамап койсо турмак беле башканы,
Жаман элде өз талантын сыйлабайт.
Жайнап турган өрүкзардын гүлдөрүн,
Жайнаковдой башка эч ким ырдабайт.

Алмаштыргыс ат көтөргүс алтынга,
Алп талантын акылман эл ылгабайт.
Аппак болгон өрүкзардын гүлдөрүн,
Апазга окшоп бирөө бизге ырдабайт.

Өйдө болсо ылдый тартып түшүрүп,
Өз талантын өгөйлөгөн жыргабайт.
Өркүндөсүн өнөрүңүз өчпөсүн,
Өрүкзарды Сиздей эч ким ырдабайт.

***

Баткен жери баарыбызга белгилүү,
Бал татыган өрүкзардын мекени.
Бирок,чындык талант баалап билгенге,
Биздин элге бир жаралган экени.

Буулугуп көпкө турду көк асманда,
Булуттар билген өңдүү өмүр азын.
Бул күнү учкан экен бутагынан,
Булбулу бизди таштап өрүкзардын.

Өксүдү, булбул үнү өчтү десе,
Өмүрдү бир сезгендей өлүм заарын.
Өзгөлөр сезди бекен ошол күнү,
Өзөгү órттөнгөнүн өрүкзардын.

Кайгырып калың журтуң кала берди,
Кайышып кабыргасы кайгы зардан.
Калгандар билди бекен ошол күнү,
Калганын кара кийип өрүкзардын.

Шоктонуп кирген дайра соолуганын,
Шоокуму айтып турду өзөн сайдын.
Ошол күнү уктуңарбы силер дагы,
Шолоктоп ыйлаганын өрүкзардын...



# ЭСКЕРҮҮ КЕЧЕСИНЕН КИЙИНКИ ОЙ-ПИКИРЛЕР

## (Интернет айдыңынан)

**Бакир Уулу:**

*Белгилүү залкар композиторубуз, ырчыбыз Апаз Жайнаковдун 55 жылдыгына арналган кече филармонияда болуп өттү. Өмүрү кыска экен, бирок ал калтырган мурас менен сыймыктансак болот: «Кыргыз жери», «Өрүкзарга кетели», «Кантейин», «Айгүл тоо», «Сени менен жана башка обондору белгилүү. Интернеттен («Новинки музыки 2014» /MusicoV http://musicov.net/) дарегинен табууга болот.*

*«Кыргыз жерин» өлкөбүздүн гимни кылабыз деп 90-жылдарда кыйла аракеттенгенбиз. Болбоду... Акыры Апаз иним менен сүйлөшүп, анын макулдугун алып 1995-жылы «Кыргыз жери» Кыргызстандын соңку тарыхындагы түңгүч – «Эркин Кыргызстан» (ЭрК) партиябыздын гимни кылып алганбыз...*

*«Кыргыз Республикасынын Эл артисти Апаз Жайнаковдун 55 жылдыгына арналган маданий иш чарага жигердүү катышканы үчүн» деп «Аппаз Жайнаков» коомдук фонду тарабынан (төрагасы – Эркин Аппаз уулу) мага берилген «Ардак грамотага» сүйүнүп калдым. Апаздын «Таберик обондор жана акыркы кол тамга» деген китеби үчүн да ыраазымын. Апаз инимдин жаткан жери жайлуу, жарык болсун жана Аллах Жаннаттан орун насип кылсын! Жакындарына жана уул-кыздарына Аллах узун өмүрлөрдү жана эки дүйнөнүн бактысын насип этсин!*

**Үмүтай Эралиева:**

*Оой, кайран Апаз ава! Адамгерчилигиңиз өтө жогору бийик инсан элеңиз! Айла жок... Ушундай болоорун эч ким ойлогон эмес...*

*Апаз ава биздин үй-бүлөнүн урматтап, сыйлаган, эң жакын адамы болчу. Биз өмүрлүк жолдошум экөөбүз баш кошконубузда Апаз ава аккордеонун колуна алып, шаңшытып ырдап тоюбузду өткөргөн эле.*

*Үй-бүлөңүзгө, жубайыңызга, балдарыңызга, жоро-жолдош-торуңузга болгон мамилеңиз абдан ишенимдүү, мээримдүү, туруктуу, бир калыпта болчу. Сиз жана Айткүл эже менен студенттик күндөрдөн бери жакшы катташкан, аяштардан болсок, бара-бара мамилебиз туугандыкка айланган эле. Сиз чыгармачылыкка жаңы кадам таштаган мезгилде кандай адам болсоңуз, өмүрүңүздүн акырына чейин, канча атак-даңктын ээси болсоңуз да, мүнөзүңүз бир да өзгөргөн жок. Айрыкча, Айткүл эжеге көзүңүздүн карегиндей бапестеп мамиле жасап, дайыма сыйлап турааарыңызга суктанчумун. Катуу сүйлөгөнүңүздү бир жолу да укпаптырмын.*

*«Жеңеңер жөнөкөй, эмгекчил, жан дүйнөсү абдан таза. Анткени Айткүл дыйкандын кызы» дей берет элеңиз. Айткүл жеңени оозуңуздан түшүрбөй мактап жүргөн касиетиңиз мага абдан жакчу. Анткени, мындай сапат, айрыкча чыгармачыл адамдарда өтө сейрек кездешет эмеспи...*

**Дамира Шакирова:**

*Мени чыгармачыкка биринчи кадам койдуруп, жол көрсөтүп, акыл насаатын берип тарбиялаган агайым, жердешим, авам – Аппаз Жайнаков.*

**Уулкан Дүйшөева:**

*Кайталангыс талант ээси-Апаз Жайнаковдун эмгеги элдин эсинде ар убак кала бермекчи.*

**Айтмырза Абылкасымов:**

*Ушул таланттуу инсанды, обончу жана ырчы Апаз Жайнаковду эскерип, абдан чоң кеченин уюштуруучуларына, демөөрчүлөрүнө, калыстар тобуна мен терең ыраазычылык билдиремин. Арзыбаган ыр болсо да аксакал деп берген «Ардак Грамотаңарга», анын үстүнө конвертке салып берген акчаңарга ырахмат! Мени сыйласаңар, силерди Кудай сыйласын! Апаздын арбагы ыраазы болсун, калгандарыңарды ийгилик жылоолосун! Сыйланган бардык акындарды чын дилимден куттуктаймын. Ал эми катышып, азырынча сыйлык ала албай калгандарга эмкисинде сыйлык алуу буюрсун, ылайым! Бар болгула!*

**Эркинай Ысманалиевна:**

*Апаз Жайнаковдун курсташы Г. Байзакова келди. «Достор» тобу менен биргеликте 2 ырды ырдашты. Концерт сонун болду! Концертти көрүп, А.Жайнаков тууралуу жакшы сөздөрдү угуп отуруп ыйлабай кое албайт экенсиң.*

**Асия Апазова:**

*Негизинен жакшы болду, көңүл эргиткен жакшы ырларды уктук.*

**Айнагүл Базарбаева:**

*Салам, «Апаздын өрүкзары»! Кечээ Апаз Жайнаковду эскерүү кечеси эң сонун өттү. Апаз акенин ырларын угуп, моокум*

каныn, өзүнө жолуккансып, бир өксүгүбүз толуп турду. Фейсбукка жарыяланган конкурс да калыстар тобу тарабынан эң туура бааланыптыр. Калыстардын эмгегине ыракмат, калыс болуу кыйын. Уюштуруучулар Барно эжеге, Сабыр иниме, анан да жеке каражатынан калемгерлерге моралдык колдоо жасаган Мырза Добутовго ыраазычылыгымды билдиремин.

**Үмүтай Эралиева:**

*Урматтуу достор! 31-мартта Филармониянын чоң залында Кыргыз Республикасынын Эл артисти Апаз Жайнаковдун 55 жылдыгына арналган Эскерүү кече-концерти абдан жогорку деңгээлде болуп өттү. Жаркын таланттын обондорун сыйлап, сагынган күйөрмандары, жердештери, достору келип катышып беришти. Филармонияга эл абдан көп келди.*

*Айрыкча, уюштуруу тобунун сахнаны жасаган фантазиясына чексиз ыраазы болдук. Сахнаны көргөндө тим эле Баткендин өрүкзарында жүргөндөй сезилди. Концертке катышкандар Апаз аванын көзү тирүүсүндө кандай сый-урмат көргөзүп жүргөндөр, кечээ күнү да ошондой сезим менен чын жүрөгүнөн берилип ырдап жатышканы, көрүүчүгө да айкын билинип эле жатты. Айрыкча, курсташы Гүлзат Байзакова «Достор» тобу менен мыкты даярданышып келишиптир. Айпери Кулбаева «Өрүкзарга кетелини» жогорку чеберчилик менен аткарганда, жүрөктөр толкуп, көздөрдөн жаш куюлуп отурдук...*

*Мен кечээ Барно Сабирова эжеге абдан ыраазы болдум. Ал Апаз авага болгон достук, аяштык парзын чын дилинен аткарды. Барно эже, кечээги сыйлыгыңыз кут болсун!*

**Мырза Добутов:**

*Ар түрдүү ой-пикирлер болсо айтсаңыздар... кийинки сынакта алымча-кошумчаланат... биринчи жолу уюштурулду ошону да эске алсаңыздар... Сабырга, Барно эжеге чооң рахмат!!!*

**Абды Кадырматов:**

*Эх Апаз досум? Баягы бир жылы концертинен кийин Пишпек жактагы үйүндө олтурганыбыз эстен кетпейт. Көп пландарды сүйлөшкөн элек. Сен концерт койсоң катышып берем дедиң эле, жакында коем. Сен катышасың. Ырларыңдын ырдалганы, сенин катышканың деп билемин, досум!*

**Асыл Аппасова:**

*Апаз агай мени кызым деп тамашалачу. Өзү айтып берген, бир күнү кызы экөө телевизор көрүп олтурса, мен чыгып калыптырмын. Анан, Апаз агай кызына: «Бул кыз – менин кызым» – деп айтыптыр. «Аңгыча эле субтитрде Асыл Аппасова деп жазылып калды. Көрдүңбү фамилиясын, Аппасова. Кызым мени бир карайт, телевизорду бир карайт» – деп күлдү эле. Арбагы ыраазы болсун, агайдын.*

# Мазмуну

*Б. Сабирова.* «Таберик обондор жана акыркы кол тамга» 2-китеп . . . . . . . . . . 3
*А. Надырбеков.* Алгачкы саамалык ийгиликтүү болду, алдыда арбын иштер бар . . . . . . . . . . 6
*С. Раев.* Өрүкзарга кетели... макул болчу? . . . . . . . . . . 9
Төкмө акындар айтышы: А.Акимбеков, Ж.Төрөканов, К.Тукешов.16
Б.Мамырова. Апаз Жайнаковдун обондоруу кыргыз жерин бүт дүйнөгө тааныттты. . . . . . . . . . . 27
Ж.Разаков. Апаз Жайнаков атындагы фестиваль жыл сайын өтөт..28
Аман жар . . . . . . . . . . 29
Ф.Баяков. Апаз менен кесиптеш болдук.. . . . . . . . . . .30
Бабаравшан Тургунбаев «Бадам гүлү»-апалар тууралуу ыр . . . . . . 31
Бадам гүлү . . . . . . . . . . 32
Сагындым жазды . . . . . . . . . . 32
Аясаңчы, козгобой арманымды... . . . . . . . . . . 33
Бар болгула, жылдыз маңдай апалар . . . . . . . . . . 34
Кыргызымдын сулуу кыздары . . . . . . . . . . 35
Жаштыкка кайрылуу . . . . . . . . . . 36
«Өчпөс сүйүү баяны» (комуз менен) . . . . . . . . . . 37
Бир арман . . . . . . . . . . 38
Бир дүнүйө . . . . . . . . . . 39
Сен менен . . . . . . . . . . 39
Мен сени бербеймин башкага . . . . . . . . . . 40
Жалгыздык бүтпөс армандай . . . . . . . . . . 41

Айгүл тоо ........ 42
Ноорузум ........ 42
Кайбереним ........ 43
*С. Абдумомунов.* Апаздын өрүкзары ........ 44
*Б. Сабирова.* Апаздын акыркы кол тамгасы ........ 45
Булакта ........ 46
Ырдагым келет ........ 47
Ата-Журт ........ 48
Өрүкзарга кетели ........ 48
*Маркабай Ааматов.* Ырларыңда Баткениңдин куту бар ........ 50
*Калбүбү Сариева.* Апаздын ыры ........ 51
*Калбүбү Сариева.* Жерди тике көтөрдүң ........ 52
«Апаздын өрүкзары» сынагы ........ 53
*Махабат Молдалиева.* Апаз Жайнаковго ........ 54
*Махабат Молдалиева.* Сууруп кеттиң, ыр өстүргөн дилимди ........ 56
*Айтмырза Абылкасымов.* Апазга арноо ........ 58
*Айнагүл Базарбаева.* Карааныңа калды ыйлап «Буракжан» ........ 60
*Болотбек Бөкөлөев.* Бейишти да ырга бөлө, тартынба ........ 63
*Шайырбек Досболов.* Өрүктөгү ширедей ырың калды ........ 64
*Абдибали Мусаев.* Катар учат ырларың карлыгачтай ........ 65
*Чынара Сарбагышова.* Калды үнүң калкыңда ........ 66
*Жанна Мамасадыкова.* Ырдын пири кадимки «Кыргыз жери» ........ 67
*Бүүзара Осмонова.* Өрүкзардын айтып бүткүс нотасы ........ 68
*Курсан Юсупов.* Булбулу бизди таштап өрүкзардын ........ 79
Эскерүү кечесинен кийинки ой-пикирлер ........ 72




























БАЙЛЫГЫ.





АППАЗ ЖАЙНАКОВ КООМДУК ФОНДУ

каттоо №144468-3301-ОФ

Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Каховская көч.,
№17-үй.

mail: fond.jainakov@mail.ru

Тел: 0700555506

Код ОКПО 29059422

ИНН: 02002201510316

Алуучунун банкы:

«Эсептешүү-сактык компаниясы»
ААКынын Октябрь райондук филиалы

Бик: 129053

эсеп/кысап 1290533230400586

**Таберик обондор**
**жана акыркы кол тамга**
*2-китеп*

Жыйнактын түзүүчүсү
жана редактору *Барно Сабирова*

Басууга 06.05.2015-ж. кол коюлду.
Форматы $60 \times 84^1/_{16}$. «Arno Pro» гарнитурасы.
Офсеттик басма. 4,8 шарттуу б. т.
Тиражы 500 нуска.

«Алтын принт» басмаканасында басылды.
Бишкек, Орозбеков көчөсү, 44.